| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЮПСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2023 жыл 30. 01. №145** **Түп айылы**

**“Түп айылдык аймагында тиричилик таштандыларын жыйноону, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу боюнча жергиликтүү маанидеги маселени чечүү жөнүндө”**

Күн тартибиндеги Түп айылдык аймагында тиричилик таштандыларын жыйноону, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу боюнча жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык Түп айыл өкмөтүнүн башчысын угуп жана талкуулап Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XVIII-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Түп айыл өкмөтүнүн жергиликтүү маанидеги “тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну уюштуруу” маселесин чечүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн/ иштердин, функциялардын жана милдеттердин тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Түп айыл өкмөтүнүн башчысы бекитилген функцияларды аткаруу, тейлөөнү уюштуруу жана милдеттерди аткарууга тиешелүү бул токтомдун аткарылышын камсыз кылсын.

3. Түп айылдык кеңешинин 2023-жылдын 30-январындагы № 145 токтому Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссияга тапшырылсын.

**Төрайым** **А. О. Орозбекова**